| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК**<br>**КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**<br>**КЕНЕШ** |

**“20” 02 2024-ж №297** **Кызыл-Суу айылы**

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз 29-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине Кызыл-Суу айылындагы Комсомольский көчөсүнүн №79 дарегинде жайгашкан №36 өрткө каршы бөлүгүнүн эски, авариялык абалда турган имаратын бузуу жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине Кызыл-Суу айылындагы Комсомольский көчөсүнүн №79 дарегинде жайгашкан №36 өрткө каршы бөлүгүнүн эски, авариялык абалда турган имаратын бузуу жөнүндөгү Кызыл-Суу Тазалык муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Кененбаевдин кайрылуусун карап чыгып, талкуулап айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Кызыл-Суу Тазалык муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Кененбаевдин кайрылуусу эске алынсын.

**2.** Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине Кызыл-Суу айылындагы Комсомольский көчөсүнүн №79 дарегинде жайгашкан №36 өрткө каршы бөлүгүнүн эски, авариялык абалда турган имаратын мыйзамдын талаптарына ылайык бузууга уруксаат берилсин.

**3.**Бузулган материалдырды финансалык талаптарга ылайык комиссия түзүп, материалдырды кириштөө мыйзам чегинде жүргүзүлсүн.

**4.** №36 өрткө каршы бөлүгүнүн эски, авариялык абалда турган имаратын бузууга сарпталуучу акча каражатын жергиликтүү бюджеттен караштыруу жагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн финансы жана экономика бөлүмүнүн башчысы К.Казыбековго тапшырылсын

5. Токтомду аткаруу жана көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго милдеттендирилсин.

**Айылдык кенешинин төрайымы** **Г.Чыныбаева**